Жалпысынан, Харда оюндарды жана тесттерди түзүү башталгыч мугалимдер үчүн жөнөкөй жана кызыктуу процесс болушу мүмкүн. Бул окуучулар үчүн окууну жагымдуураак кылып, материалды жакшыраак сиңирүүгө жардам берет.

Microsoft Power Point программасында оюндарды жана тесттерди түзүүнүн негизги артыкчылыктарынын бири-алардын Интерактивдүүлүгү. Окуучулар өз алдынча же топ болуп, жалпы оюнга катышып же бир эле учурда тест тапшыра алышат. Ошондой эле, Акада үн жана видео эффекттерин кошуу мүмкүнчүлүгү бар, бул андан да кызыктуу жана окуучулардын көңүлүн бурат.

Өз материалдарын түзүү мугалимдерге предметти деталдуу изилдөөгө гана эмес, окуу процессин оптималдаштырууга да жардам берет. Окуучулар материалга ар кандай оюндар жана тесттер аркылуу бир нече жолу кайрылышат, бул аларга теманын татаалдыгын так жана так түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Өз оюндарын жана тесттерин түзүү мугалимдерге материалды окуучулардын деңгээлине ылайыкташтырууга жана аны жеке окутуу жана үй тапшырмаларын даярдоо үчүн колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. "Учимся создавать игры и тесты в программе PowerPoint" - А. Крылова
2. "Создание интерактивных презентаций и тестов в PowerPoint" - В. Громов
3. "Игры и тесты в учебном процессе" - И. Зайдель
4. "Игровые технологии в образовании" - А. Новиков
5. "Как создать квест в PowerPoint" - И. Смирнов
6. "Организация игровой деятельности в начальной школе" - Е. Матвеева
7. "Как создать эффектные и увлекательные игры в PowerPoint" - Д. Дмитриев
8. "Создание тестов в Microsoft PowerPoint для начальной школы" - А. Александров
9. "Игры и тесты в школьном учебном процессе" - Н. Гилярова
10. "Развивающие игры для начальной школы в PowerPoint" - О. Иванова.

УДК:371.030:371.381
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-149-153

**Сатыбалдыев А. Б., Жороева М. К., Кылычова Н. Э**
Ош технологиялык университети, техника илимдеринин кандидаты, доцент,
Ош технологиялык университети, окутуучу,
Ош технологиялык университети, ага окутуучу
**Сатыбалдыев А. Б., Жороева М. К., Кылычова Н. Э**
Ошский технологический университет, кандидат технических наук, доцент,
Ошский технологический университет, преподаватель,
Ошский технологический университет, старший преподаватель
**Satybaldyev A. B., Zhoroeva M. K., Kylychova N. E**
Osh Technological University, Candidate of Technical Sciences, docent,
Osh Technological University, Teacher,
Osh Technological University, senior Teacher

# ТЕХНИКАЛЫК БАГЫТТАР БОЮНЧА ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИ ИНСАНГА БАГЫТТАП ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУ
# МЕТОДЫ ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ СТУДЕНТОВ ОБУЧАЮЩИХСЯ ПО ТЕХНИЧЕСКИМ НАПРАВЛЕНИЯМ
# METHODS OF PERSONALITY-ORIENTED TEACHING OF STUDENTS STUDYING IN TECHNICAL AREAS

**Аннотация:** Макалада техникалык багытта билим алып жатышкан студенттерди инсанга багыттап окутуу технологияларын колдонуп окутуунун зарылдыгы, мааниси жана методдору каралган. Заманбап өндүрүштөргө техникалык багыттагы адистерди даярдоодо жогорку окуу жайлардын билим берүү мазмунун жана сапатын жакшыртуу негизги маселелердин бири болуп эсептелет. Азыркы учурдун талабына ылайык адистерди даярдоодо инсанга багыттап окутуунун максаты – ар бир инсандын жөндөмүн ачып аныктоо, аны өнүктүрүү, илимий билимдерге өз алдынча жетишүүгө, билимдерин жаңылоого жана пайдаланууга үйрөтүү болуп саналат. Макалада техникалык багыттар боюнча окутуунун өзгөчөлүктөрү, ушул багытта окуган студенттерди инсанга багыттап окутуунун методдорунун бир канчасы берилген.

**Аннотация:** В статье рассматриваются необходимость, значение и методы обучения студентов технических специальностей с использованием технологий личностно-ориентированного обучения. Одной из основных задач при подготовке специалистов технического профиля для современных производств является улучшение содержания и качества образования в высших учебных заведениях. Целью личностно – ориентированного обучения при подготовке специалистов в соответствии с требованиями настоящего времени является выявление способностей каждого человека, их развитие, обучение самостоятельному доступу к научным знаниям, обновлению и использованию знаний. В статье представлены особенности обучения по техническим направлениям, несколько методов личностно-ориентированного обучения студентов, обучающихся по данному направлению.

**Abstract:** The article discusses the necessity, importance and methods of teaching students of technical specialties using technologies of personality-oriented learning. One of the main tasks in the training of technical specialists for modern industries is to improve the content and quality of education in higher educational institutions. The purpose of personality–oriented training in the preparation of specialists in accordance with the requirements of the present time is to identify the abilities of each person, their development, training in independent access to scientific knowledge, updating and using knowledge. The article presents the features of training in technical areas, several methods of personality-oriented training of students studying in this area.

**Негизги сөздөр:** инсанга багыттап окутуу, метод, индивид, студент, техникалык багыт, тарбиялоо, өз алдынчалуулук, окуу процесси.

**Ключевые слова:** личностно-ориентированное обучение, метод, индивид, студент, техническое направление, воспитание, самостоятельность, учебный процесс.

**Keywords:** personality-oriented learning, method, individual, student, technical direction, education, independence, educational process.

Азыркы учурдагы өзгөчө жаңы технологиялык-информациялык системалардын колдонулушу менен, ошондой эле кадрлардын билимдүүлүгүнүн жогорку деңгээлин талап

кылуучу дүйнөлүк интеграциялык процесстердин күчөшүнө байланыштуу, адистерди кесипке даярдоо деңгээли менен коомдук талаптардын дал келишпестиги билим берүүнүн мазмунун, сапатын жакшыртуу маселесин коюуда [1]. Заманбап өндүрүштүн өзү да автоматика, электроника, радиоэлектроника, энергетика, механика, курулуш жана башка тармактарда жогорку деңгээлдеги адистерге муктаж жана бүгүнкү күндө техникалык ЖОЖдун инженер - бүтүрүүчүсүн даярдоого жогорку талаптарды коюп жатат. Окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн сапаттуу билимин калыптандыруу милдети бүгүнкү күндө актуалдуу бойдон калууда. Бүгүн жогорку билим берүүнүн негизги максаты-келечектеги адистин кесиптик жана жеке сапаттарын өнүктүрүү жана адистин өзүн-өзү өнүктүрүүсү болуп саналат [2]. Бул максатка жетишүү инсанга ийгиликтүү ишке орношууга, кесиптик көнүүгө (адаптация), илимий өндүрүштөрдүн өсүү шартында маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Заманбап билим берүү билимди гана бербестен, студенттин инсандыгын калыптандыруу милдетин да аткарат. Окутууда инсанга багытталган билим берүү барган сайын популярдуу болуп баратат, анткени ал ар бир студенттин жеке өзгөчөлүктөрүн эске алууга жана анын инсандык потенциалын өнүктүрүүгө жардам берет.

Инсанга багыттап билим берүү же инсанды анын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутуу – бул азыркы билим берүүгө коюулуучу ар түрдүү төмөнкүдөй талаптарды чагылдырат[1]:

- инсанга багыттап окутууда ар бир адам өзүнчө индивид, бири-бирине такыр окшобогон касиеттерге ээ экендигин эске алуу;
- түрдүү деңгээлдеги дифференцирленген окутууну ишке ашыруучу окутуунун формаларын колдонуу;
- студенттин жеке өзгөчөлүгүнүн, ички потенциалынын, билим деңгээлинин, умтулууларынын негизинде өзүнүн өнүгүү жолун тандап алуусуна укуктун берилиши.

Инсанга багыттап окутууда негизги максаттардан болуп, студенттерге жекече, диффренциалдуу мамиле жасоо жана инсанды жеке өзүнө багыттап окутуу, ар бир студенттин жөндөмүн ачып аныктоо жана өнүктүрүү болуп саналат. Техникалык окуу жайлардын студенттерин инсанга багыттап окутуудагы айрым өзгөчөлүктөрүн карайлы.

*Техникалык багыттар боюнча окутуунун өзгөчөлүктөрү.*

Техникалык профилдеги адистердин билимине, алардын методологиялык жана дүйнө таанымдык ой жүгүртүүлөрүнө фундаменталдык предметтер да негизги база болуп эсептелет [3].

Техникалык багытта окутуу студенттерден жогорку көңүл бурууну, логикалык ой жүгүртүүнү жана татаал маселелерди чечүү жөндөмүн талап кылат. Бирок, көбүнчө студенттер мотивациянын жоктугунан, командада иштей албагандыктан же инсандык чөйрөдөгү көйгөйлөрдөн улам бул талаптарды аткара алышпайт.

Инсанга багытталган окутууда төмөнкү методдорду кароого болот:

1. Жекече инсанга багытталган окутуу.
2. Топтук инсанга багытталган окутуу.
3. Долбоорго багытталган окутуу.
4. Оюнга багытталган окутуу.
5. Дебаттык инсанга багытталган окутуу ж.б.

Сабак учурунда инсанга багытталган жогорудагы окутуу методдорун колдонуу маселерине токтололу:

1. *Жекече мамиле.* Техникалык багыттарда ийгиликтүү окуу үчүн ар бир студенттин жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек. Жеке мамиле студенттин инсандык сапаттарын талдоону жана жекелештирилген сабактын планын иштеп чыгууну камтыйт. Мисалы, мотивациясы төмөн студенттер үчүн кызыктуу жана практикалык тапшырмаларды камтыган программаны иштеп чыгууга болот. Жекече мамиле кылууда окутуучу студенттерди алардын сабакка катышуусу боюнча (“орто”, “жакшы”, “эң жакшы”) группалларга бөлүштүрүп, окуу материалын анын көлөмүнө, татаалдыгына, иштетүү темпи боюнча сунуш кылат.

Инсанга багыттап окутууда төмөнкү параметрлер боюнча студенттин жеке өзгөчөлүктөрү аныкталат [4]:
-таанып билүүчүлүк тажрыйбасы;
-берилүүчү материалдын мазмуну боюнча ал эмнеге көбүрөөк кызыгуусу;
-материалды окуп үйрөнүүнүн ыкмаларын өзү тандап алуусу;
- жооп берүүнүн тибин (доскага чыгыппы же ордундабы) жана мүнөзүн (жазуу жүзүндөбү же оозекиби) тандоого мүмкүндүк берүү;
- студенттин көңүлүн ал кандай ойлонгонуна, эстегенине, ой жүгүрткөнүнө буруу.
Окутуучу уюштуруучу катары студенттерди жекече бөтөнчөлүктөрү боюнча бөлүштүрүүчү кызматты аткарат да, ар биринин максималдуу иштешине шарт түзөт.

2. *Топто иштөө.* Топто иштөө студенттерге баарлашуу көндүмдөрүн өрчүтүүгө, командада иштөөнү үйрөнүүгө жана көйгөйлөрдү биргелешип чечүүгө жардам берет. Топ менен иштөөдө өз оюн ачык айта билүү, жолдошунун жообун талдоо, байкалган катачылыктарды оңдоо, жыйынтык чыгаруу көндүмдөрү калыптанат. Ар бир студенттин топто ролу болушу жана инсандык сапаттарын көрсөтө алышы маанилүү.

3.*Оюн технологиясы.* Оюн технологиясы студенттерге берилген материалды жакшыраак өздөштүрүүгө, өздөштүрүлгөн нерсе эсте бекемирээк сакталып, материалды зарыл болгон учурда кайрадан эстөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен инсандык сапаттарды өрчүтүүгө жардам берет. Мисалы, студенттерден татаал маселелерди чечүүнү же чыгармачылыкты өнүктүрүүнү талап кылган оюндарды колдонсо болот.

4.*Практикалык сабактар.* Практикалык иш-чаралар студенттерге үйрөнгөндөрүн иш жүзүндө колдонууга мүмкүндүк түзүп, бул материалды жакшы өздөштүрүүгө жана кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет. Мындан тышкары, практикалык иш-чаралар студенттерге өз жөндөмдөрүнө болгон ишенимди өрчүтүүгө шарт түзүп, өзүнүн өсүп-өнүгүүсү сезилип, чыгармачылык эргүүнү пайда кылат [5].

5. *Долбоорго багытталган окутуу.* Ар бир студент өзүнүн билим деңгээлине, жөндөмдүүлүгүнө жараша берилген долбоорлорду өтүлгөн курстун алкагында иштеп чыгып, аны презентация жасап көпчүлүктүн (окутуучунун да) такуусунан кийин, өзүнүн ишиндеги өзгөчөлүктөрдү, кемчиликтерди жана жетишкендиктерди байкайт, ошого жараша жыйынтык чыгарат. Мындан тышкары, бөлүнгөн топтор менен да долбоорлорду даярдатып иштөөгө болот.

6. *Дебаттык инсанга багытталган окутуу.* Сабактын жүрүшүндө студенттерди кызыктыра турган актуалдуу темалар боюнча критикалык ой жүгүртүүнү жана аргументти өнүктүрүү үчүн дебаттарды жана талкууларды өткөрсө болот. Дискуссиялык талаш-тартыш инсандын өнүгүүсүнө оң таасир этүүчү пайдаларды алып келиши керек, дискуссиянын натыйжасы эки жактын бири-бирине макул эместиги өз ара урматтоо, компромисс менен аякташы зарыл.

Жыйынтыгында жогорудагыдай методдорду колдонуу менен инсанга багыттап окутууда ар бир студенттин жеке өзгөчөлүктөрүн эске алууга мүмкүнчүлүк түзүлүп жана анын инсандык потенциалын өнүктүрүүгө жардам берет. Техникалык багыттарда мындай мамиле өзгөчө маанилүү, анткени ал студенттерге бул чөйрөнүн жогорку талаптарын чечүүгө жардам берет. Жеке мамиле, топтук иш, оюн технологиялары жана практикалык иш-чаралар сыяктуу инсанга багытталган окутуу ыкмаларын колдонуу студенттерди техникалык багыттарда окутуунун натыйжалуулугун бир топ жогорулатат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы. -Б.:”Улуу тоолор” 2015. -283б

2. Талызина Н.Ф. Педагогическая психология: учебное пособие. –М.:Издательский центр “Академия”,1998.287с

3. Сатыбалдыев А.Б., Жороева М.К. Инженерлерди даярдоодо физика курсунун ролу. “Наука новые технологии и инновации Кыргызстана” журналы .-Бишкек: 2019-ж. 139-143- бб.

4. Кылычова Н.Э. Реализация активных методов обучения для стимулирования познавательной деятельности учащихся в обучении физике. Саратов: Саратовский источник 2023. С. 212- 215.

5. Курманкулов Ш.Ж., Жороева М.К.Окуучулардын өз алдынча сабак материалын өздөштүрүүгө карата шыктандыруучу кыймылдаткыч күчтөр. “Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана” журналы. Бишкек: № 2. - 2021. 224-228- бб.

УДК 004.3
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-153-159

**Сейитказыева Г. И., Маматова В.Т., Курбанбекова Э.К.**
Ош мамлекеттик университети, ага окутуучу,
Ош малекеттик университети, окутуучу,
Ош мамлекеттик университети, студент
**Сейитказыева Г. И., Маматова В.Т., Курбанбекова Э.К.**
Ошский государственный университет, преподаватель,
Ошский государственный университет, старший преподаватель,
Ошский государственный университет, студент
**Seiitkazyeva G. I., Mamatova V.T., Kurbanbekova E.K.**
Osh State University, senior Teacher,
Osh State University, Teacher,
Osh State University, Student

## МОБИЛДИК ТИРКЕМЕЛЕРДИ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА КОЛДОНУУ
## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МОБИЛЬНЫХ ПРИЛОЖЕНИЙ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ
## USE OF MOBILE APPLICATIONS IN THE EDUCATION SYSTEM

**Аннотация:** Модернизацияланган окутуу системаларын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн жакшы окуу чөйрөсүн камсыз кылуучу, алар менен каалаган колдонуучулардын